МКЖӨБМА
2026-жылдын 9 февралындагы
№ 01-25/29 буйругуна
1-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы**
**Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2026-жылга иш планы**

| № | Милдеттер | Чаралар/аракеттер | Ишке ашыруу мөөнөтү | Күтүлгөн натыйжалар (продукт) | Жооптуу аткаруучулар |
|---|---|---|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ИШ ПЛАНЫН ИШКЕ АШЫРУУ АЛКАГЫНДА** | | | | | |
| 1. | Өлкөнүн саясий жана коомдук турмушунда аялдардын бирдей укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн камсыз кылуу боюнча чаралардын комплексин кабыл алуу | Башкаруучу кадрлар резервин түзүүнүн алкагында гендердик квота боюнча тандалып алынган лидер аялдардын башкаруучулук компетенцияларын жогорулатууга багытталган “Жаңы муундун лидерлери” билим берүү программасын иштеп чыгуу | 1-декабрь | Аял лидерлердин башкаруу компетенцияларын алардын кесиптик өсүшүнүн чечүүчү фактору катары жогорулатууга багытталган “Жаңы муундун лидерлери” билим берүү программасы бекитилди | КРПМБА (макулдашуу боюнча), Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик |
| 2. | | КРПМБА (макулдашуу боюнча), Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик | Жыл ичинде | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди окутууга мамлекеттик заказдын алкагында квалификациясын жогорулатуудан өткөн кызматкерлердин саны | КРПМБА (макулдашуу боюнча), Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик, ЭСКММ, ИЖБИМ |
| 3. | | Гендердик квота боюнча тандалып алынган лидер аялдарды “Жаңы | 30-ноябрь | “Жаңы муундун лидерлери” программасы боюнча лидер аялдар окутулду. | КРПМБА (макулдашуу боюнча), |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | муундун лидерлери” программасы боюнча окутууну уюштуруу | | Отчеттук жылдын ичинде кеминде 20 лидер аял окуудан өттү | Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик |
| 4. | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын натыйжалуу жана натыйжага багытталган системасын түзүү | Кадрларды сиңирген эмгеги, тажрыйбасы жана кесипкөйлүгү боюнча тандоо жана кызматтан көтөрүү принцибине негизделген мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын өнүгүшү үчүн шарттарды түзүү | 1-октябрь | 2030-жылга чейин мамлекеттик жана муниципалдык кызматты өнүктүрүү стратегиясы жана аны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы бекитилди | Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик, КРПМБА (макулдашуу боюнча), мамлекеттик органдар |
| 5. | | Айрым мамлекеттик кызмат орундарына кадрлардын башкаруу резервин түзүү жана иштетүү боюнча пилоттук долбоорду өткөрүү | 30-ноябрь | Айрым мамлекеттик кызмат орундарына кадрлардын башкаруу резервин түзүү жана иштетүү боюнча пилоттук долбоорго талдоо жүргүзүлдү, анын жыйынтыгы боюнча КР Президентинин Администрациясына тиешелүү сунуштар менен аналитикалык кат киргизилди | Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик |
| 6. | | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды укуктук, социалдык жактан коргоо жана колдоо үчүн шарттарды түзүү | 1-декабрь | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды социалдык жактан коргоо жана колдоо тутумуна талдоо жүргүзүлдү, анын жыйынтыгы боюнча КРнын Президентинин Администрациясына аны өркүндөтүү боюнча конкреттүү сунуштары бар | Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик, ФМ, ЭСКММ, ССМ, СФ, КРПМБА (макулдашуу боюнча), Мамлекеттик органдар |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | аналитикалык кат киргизилди | |
| 7. | | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды баалоонун жана шыктандыруунун натыйжалуу системасын ишке киргизүү | 1-декабрь | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди баалоо жана шыктандыруу системасына талдоо жүргүзүлдү, анын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын ишин баалоонун заманбап системасын ишке киргизүү боюнча ЧУА долбоору иштелип чыкты жана КР Президентинин Администрациясына киргизилди | Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик, СДУИ, КРПМБА (макулдашуу боюнча) |
| 8. | | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын эмгек акы төлөөнүн натыйжалуу, атаандаштыкка жөндөмдүү, тең салмактуу системасын түзүү | 1-декабрь | 2027-2030-жылдарга КР мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын эмгек акы төлөө системасын өркүндөтүү боюнча программанын долбоору КР Президентинин Администрациясына киргизилди | Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик, ЭСКММ, ФМ |
| 9. | | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды үзгүлтүксүз окутуу жана квалификациясын жогорулатуу механизмдерин ишке киргизүү | 1-декабрь | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын кесиптик өнүгүү системасын өркүндөтүүгө багытталган | КРПМБА (макулдашуу боюнча), Мамкызмат жана |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ЧУА кабыл алынды. Кызматчыларды үзгүлтүксүз окутуунун санариптик билим берүү платформасы жана механизмдери иштелип чыкты | ЖӨБ боюнча агенттик |
| 10. | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат системасына кадрларды башкаруунун санариптик технологияларын ишке киргизүү | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчынын карьерасынын бардык этаптарын башкаруу үчүн бирдиктүү интеграцияланган кадрдык платформаны өркүндөтүү | 1-декабрь | “Кадрлар резерви”, “Сынак-Тест”, “Конкурстук тандоо”, “Электрондук эмгек китепчеси” модулдарынын аналитикалык бөлүмдөрү, ошондой эле “e-Kyzmat” автоматташтырылган маалыматтык системасынын модулдары жакшыртылды | Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик |
| 11. | | “e-Kyzmat” автоматташтырылган маалыматтык системасында кызматчылардын ишин баалоонун санариптик инструменттерин иштеп чыгуу | 1-декабрь | “e-Kyzmat” АМСтин “Кызматчылардын ишин баалоо” модулун иштеп чыгуу жана киргизүү боюнча техникалык тапшырма иштелип чыкты | Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик |
| 12. | | Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мамлекеттик органдардын маалыматтык системалары менен интеграцияланган маалыматтык системаларын ишке киргизүү | 1-декабрь | 1. “Көрүстөнгө сөөк коюуга жер ээлөө” “e-Kyzmat” АМС модулу иштелип чыкты, ал сөөк коюуга жерлерди автоматташтырылган эсепке алууну жана ээлөөнү камсыздайт.<br>2. “Санарип аймак” АМСтин “Үй чарбаларын | Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик, СӨИТМ, мамлекеттик органдар, КРП облустардагы ЫУӨ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | эсепке алуунун электрондук китеби" модулу менен планшеттик түзүлүштөрдө иштөө мүмкүнчүлүгү камсыздалды.<br>3. "e-Kyzmat" АМСтин модернизацияланган модулдары ишке киргизилди:<br>- "ЖӨБО паспорту";<br>- "Үй чарбаларын эсепке алуунун электрондук китеби";<br>4. Төмөнкү модулдар ишке киргизилди:<br>- "e-Kyzmat" АМС: - "Муниципалдык мүлктүн бирдиктүү реестри";<br>- "Жеке турак жай куруу үчүн жана муниципалдык менчикте турган жер тилкелерин ижарага берүү кезектүүлүгү";<br>- "Геомаалыматтык система" | |
| 13. | Мамлекеттик программаларды натыйжалуу пландоо, ишке ашыруу, мониторинг жүргүзүү жана аткарылышын баалоо боюнча мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу жана квалификациясын жогорулатуу | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутууда жана квалификациясын жогорулатууда мамлекеттик программаларды натыйжалуу пландоо, ишке ашыруу, аткарылышына мониторинг жүргүзүү жана баалоо маселелерин киргизүү | 1-декабрь | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуу үчүн мамлекеттик заказдын алкагында мамлекеттик программаларды пландоо, ишке ашыруу, аткарылышына мониторинг | Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик, КРПМБА (макулдашуу боюнча), ЭКМ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | жүргүзүү жана баалоо боюнча курстар уюштурулду жана өткөрүлдү | |
| 14. | Геомаалыматтык системалар менен интеграцияланган санариптик тармактык карталарды кошкондо, региондорду өнүктүрүүнүн комплекстүү программаларынын бөлүгү катары Кыргыз Республикасынын мейкиндик маалыматтарынын улуттук инфраструктурасын ишке киргизүү | Улуттук жана региондук мейкиндик схемаларын даярдоо боюнча жол картасынын долбоорун иштеп чыгуу | 30-ноябрь | Жол картасы кабыл алынды | ЭКМ, Жер агенттиги, Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик, УСК (макулдашуу боюнча) |
| 15. | Мыйзамдарды бюрократиядан ажыратуу жана административдик жол-жоболорду жөнөкөйлөтүү | КР Министрлер Кабинетинин мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына берилген айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарынын тизмесин кеңейтүү боюнча талдоо жүргүзүү жана зарыл чечимдерди даярдоо | 1-декабрь | КР Министрлер Кабинетинин кошумча ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына берүүнү караган ЧУАлар кабыл алынды | ЮМ, Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик, СДУИ, министрликтер жана ведомстволор |
| 16. | Ченем жаратуу процесстерин жана укук колдонуу техникасын өркүндөтүү | "Кызматчынын калыстык менен ката кетирүү укугу" принциби боюнча ак ниет мамлекеттик кызматчыларды жазыктык куугунтуктоодон коргоо механизмин иштеп чыгуу | 1-декабрь | "КРнын айрым мыйзам актыларына (КР Кылмыш-жаза кодексине, КР Кылмыш-жаза процессуалдык кодексине) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" КР Мыйзамынын долбоору КР Президентинин Администрациясынын кароосуна киргизилди | ЮМ, Мамкызмат жана ЖӨБ боюнча агенттик, ИИМ, УКМК, МБК, ЖАМК, СДУИ, макулдашуу боюнча: Башкы прокуратура, ЖС, КР Акыйкатчысы (Омбудсмени) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| **КАДРДЫК ӨНҮГҮҮНҮН АЛКАГЫНДА** | | | | | |
| 17. | КРнын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” мыйзамынын ишке ашырылышын камсыз кылуу | Мамлекеттик органдардын персоналды башкаруу кызматтарынын жана ММСКнын ишинин натыйжалуулугу жана натыйжалуулугунун мониторингин жүргүзөт | Жыл ичинде | Бекитилген пландарга ылайык мамлекеттик органдарда жана ЖӨБ органдарында мониторинг жүргүзүлдү. | МКЖӨБМА |
| 18. | 99-п. Коррупциялык кылмыштарга мурда аралашкан, кадыр-баркы булганган адамдарды мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарга дайындоого тыюу салуу | Мамлекеттик кызматтан (муниципалдык кызматтан) терс негиздер боюнча бошотулган адамдардын реестрин түзүү жана ачык жеткиликтүү кылуу | Дайыма | Мамлекетке зыян келтирген адамдар жөнүндө ачык маалыматтын болушу | МКЖӨБМА |
| 19. | 139-п. Санариптик компетенцияларды системалуу жогорулатуу жана жеткиликтүүлүктөгү санариптик ажырымды жоюу | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин санариптик көндүмдөрүн жогорулатуу боюнча комплекстүү чараларды ишке ашыруу | I–IV кварталдар | Кызматкерлерди окутуу боюнча мамлекеттик заказдын алкагында санариптик көндүмдөрдү жогорулатуу курстарынан өткөн адамдардын саны | МКЖӨБМА |
| 20. | Мамлекеттик органдарда жана ЖӨБОлордо профилактикалык иштерди жүргүзүү | 1.2.2. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар үчүн маалыматтык-билим берүү, профилактикалык иш-чараларды өткөрүү | Жыл сайын | Жетиштүү санда иш-чаралар өткөрүлдү. Экстремизм жана терроризм коркунучтары жөнүндө маалымдуулуктун деңгээли жогорулатылды, бул чөйрөдө мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОнун ишинин натыйжалуулугу жогорулатылды | МКЖӨБМА |
| 21. | Экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча чараларды ишке ашырууга тартылган мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОнун кадрларын даярдоо жана | 7.5.1. Экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча чараларды ишке ашырууга тартылган мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОнун кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу жана | 2024-жылдан тартып жыл сайын | Жетиштүү сандагы иш-чаралар өткөрүлдү. Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБОнун ишинин натыйжалуулугу жогорулатылды | МКЖӨБМА |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатуу | даярдоо боюнча курстарды, лекцияларды, семинарларды уюштуруу, өткөрүү | | | |
| **КАДРЛАРДЫН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ ЖАНА КАЙРА ДАЯРДОО БОЮНЧА ПРОГРАММАЛАРДЫ ИШКЕ АШЫРУУНУН АЛКАГЫНДА** | | | | | |
| 22. | Эл аралык кызматташтык чөйрөсүндө квалификацияны жогорулатуу программаларын ишке ашыруу | 2026 - 2028-окуу жылында кызматкерлерди окутуу маселелери боюнча Япониянын эл аралык кызматташтык агенттигинин (JDS) “Адам ресурстарын өнүктүрүү боюнча стипендиялык программа” (JICA) долбоорун ишке ашыруу боюнча иштерди жүргүзүү | I-III квартал | Японияда (19) магистрдик жана (1) докторлук даражаларды алууга тиешелүү талапкерлерди тандоо боюнча иштер жүргүзүлдү.<br><br>2025-жылга карата КР Министрлер Кабинети менен Япония Өкмөтүнүн ортосундагы алмашуу ноталарын жана КР Министрлер Кабинетини менен JICAнын JDS гранттык макулдашууну ратификациялоо | МКЖӨБМА |
| 23. | | Япония Өкмөтүнүн “Адам ресурстарын өнүктүрүү үчүн стипендиялык программа” (мындан ары - JDS долбоору) долбоору боюнча акысыз жардам алкагында Гранттык макулдашууну жана JDS долбоору боюнча Япония Өкмөтүнүн нотасына Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жооп нотасын жактырууну ратификациялоо | III-IV кварталдар | Гранттык макулдашууну макулдашуу, кол коюу жана ратификациялоо | МКЖӨБМА |
| 24. | | Япониянын билим берүү, маданият, спорт, илим жана технология министрлигинин 2026-2027-окуу | I-III кварталдар | Японияда магистрдик даражага ээ болууга тиешелүү талапкерлерди | МКЖӨБМА |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | жылында кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу маселелери боюнча “Жаш лидерлер программасы” долбоорун ишке ашыруу боюнча иштерди жүргүзүү (Young Leaders Program) | | тандоо боюнча иштер жүргүзүлдү. | |
| 25. | | 2026-окуу жылында KOICA Корея эл аралык кызматташтык агенттигинин кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу маселелери боюнча “KOICA”, “KOICA CIAT” долбоорлорун ишке ашыруу боюнча иштерди жүргүзүү | Жыл ичинде (узак мөөнөттүү курстар) жана кабыл алуу боюнча (кыска мөөнөттүү курстар) | Түштүк Кореяда магистратурага тиешелүү талапкерлерди тандоо боюнча иштер жүргүзүлдү. Квалификацияны жогорулатуунун кыска мөөнөттүү курстарында тиешелүү талапкерлер окутулду | МКЖӨБМА |
| 26. | | 2026-окуу жылында кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча КЭРдин Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин Соода-экономикалык маселелер боюнча бөлүмүнүн долбоорлорун ишке ашыруу боюнча иштер жүргүзүлөт. | Келип түшкөнүнө жараша. | Тийиштүү 600дөн ашык талапкерлерди ар түрдүү багыттар боюнча кыска мөөнөттүү квалификацияны жогорулатуу курстарында окутулду. | МКЖӨБМА |
| 27. | | 2026-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку соту жана Кытай Эл Республикасынын Шаньдун сырткы соода колледжи менен судьялардын квалификациясын жогорулатууга, кесиптик даярдоону өркүндөтүүгө жана эл аралык тажрыйба алмашууга багытталган кызматташуу | Жыл ичинде | Кыргыз Республикасынын Жогорку соту, Агенттик жана Кытай Эл Республикасынын Шаньдун сырткы соода колледжи менен өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандум түзүү. | МКЖӨБМА |
| 28. | | 2026-2027-окуу жылында (Малайзия, Сингапур, Таиланд жана Индия) кызматчылардын квалификациясын жогорулатуу маселелери боюнча эл | Келип түшкөнүнө жараша | Тиешелүү талапкерлер кыска мөөнөттүү квалификацияны | МКЖӨБМА |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | аралык уюмдардын долбоорлорун ишке ашыруу боюнча иштерди жүргүзүү | | жогорулатуу курстарында ийгиликтүү окушту | |
| 29. | | Россия Федерациясынын Президентинин карамагындагы Эл чарба жана мамлекеттик кызмат академиясы (РАНХиГС) менен биргеликте долбоорлорду ишке ашыруу боюнча иштерди жүргүзүү. | Келип түшкөнүнө жараша | КР Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө же алардын орун басарларына, акимдерге же алардын орун басарларына, мэрлерге үчүн окутуу курстарын жана башка иш-чараларды өткөрүү. | МКЖӨБМА |
| 30. | | Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик кызматын өнүктүрүү боюнча агенттиги менен биргеликте долбоорлорду ишке ашыруу боюнча иштерди жүргүзүү | Келип түшкөнүнө жараша | Мамлекеттик кызматты башкаруу жана кадрдык потенциалды өнүктүрүү жаатында ийгиликтүү тажрыйбаларды талкуулоо, билим жана методикалык ыкмалар менен алмашуу максатында эки тараптын ортосунда видеоконференция өткөрүү. | МКЖӨБМА |
| 31. | | Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларын жана муниципалдык кызматчыларын донорлордун каражаттарынын эсебинен окутууну координациялоо | II-VI квартал | Кызматчыларды донорлордун каражаттарынын эсебинен окутууну координациялоо боюнча кеңештин жыйынын өткөрүү. | МКЖӨБМА |
| 32. | Мамлекеттик жарандык кызматкерлердин жана муниципалдык кызматкерлердин кесипкөйлүгүн жогорулатуу | 7-пункт. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине мамлекеттик органдар жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу | 1-сентябрга чейин | Мамлекеттик заказды бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтомунун долбоору Кыргыз Республикасынын | МКЖӨБМА |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | органдары менен макулдашылган Мамлекеттик заказды бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечиминин долбоорун Мамлекеттик заказ түзүлүүчү жылдын алдындагы жылдын 1-октябрынан кечиктирбестен жөнөтөт. | | Министрлер Кабинетине жөнөтүлдү. | |
| 33. | | Ж. Абдрахманов атындагы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясында мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутууга мамлекеттик заказды координациялоо, ошондой эле квалификацияны жогорулатуу программаларынын ишке ашырылышына мониторинг жүргүзүү жана андан кийин Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалыматты жөнөтүү.. | I–IV кварталдар | Окутууга мамлекеттик заказ ишке ашырылды, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу курстары бекитилген графикке ылайык өткөрүлдү. | МКЖӨБМА |
| **ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУ ӨНҮКТҮРҮҮ АЛКАГЫНДА** | | | | | |
| 34. | Саясий мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын потенциалын өнүктүрүү | Саясий мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдарды окутууну, анын ичинде санариптик технологияларды пайдалануунун негизинде аралыктан окутуу формаларын пайдалануу менен окутууну караган ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун белгиленген тартипте иштеп чыгуу жана киргизүү | 2026-жылдын I кварталы | Саясий мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдарды окутууну караган ченемдик укуктук актылардын долбоорлору белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизилди | МКЖӨБМА |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 35. | Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун ресурстук базасын чыңдоо | 7.5. “Санарип аймак” АМСнын “Жеке турак жай курууга жер берүү” модулун ЖӨБ органдарына киргизүү | 2026-жылдын III кварталы | ЖӨБ органдары жер участокторун жеке турак жай курууга жана ижарага электрондук кезек боюнча берет | МКЖӨБМА |
| 36. | | 7.6. Муниципалдык мүлккө (менчикке, ижарага, пайдаланууга) карата укуктарды өткөрүп берүүнүн электрондук форматын киргизүүнү улантуу | 2024-2028-жылдар | Муниципалдык мүлккө (менчикке, ижарага, пайдаланууга) карата укуктарды өткөрүп берүү ЭСА аркылуу онлайн режиминде жүргүзүлөт | МКЖӨБМА |
| 37. | | 7.7. Муниципалдык менчикте турган объекттерди берүү жана сатуу боюнча комиссиялардын ишине санариптик процессти киргизүү | 2026-жылдын I кварталы | Муниципалитеттерге караштуу комиссиялар иштин электрондук форматына өттү | МКЖӨБМА |
| 38. | Административдик-аймактык түзүлүштү оптималдаштыруу | 9.2. Статусу жок калктуу конуштарды айыл категориясына киргизүү | Дайыма | Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору иштелип чыкты жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кароосуна киргизилди | МКЖӨБМА |
| 39. | | 9.3. Ылайыксыз аталыштагы административдик- аймактык жана аймактык бирдиктердин аталышын өзгөртүү | Дайыма | Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору иштелип чыкты жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын кароосуна киргизилди | МКЖӨБМА |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 40. | Мейкиндиктин маалыматтарды пайдалануу менен ЖӨБ деңгээлинде өнүгүүнү пландоо, болжолдоо жана мониторинг жүргүзүү системасын өркүндөтүү | 10.2. ЖӨБ органдарынын персоналын “Муниципалдык мүлктүн бирдиктүү реестри” жана “Жеке турак жай курууга жер берүү” маалыматтык системаларын пайдаланууга окутуу | Дайыма | ЖӨБ органдары “Санарип аймак” АМС функционалдык модулдары менен иштөөгө окутулду | МКЖӨБМА |
| 41. | Айыл окмотунун өнүгүүсүн стимулдаштыруу жана калктын жашоо шарттарын жакшыртуу. | 2025-жылдын ишинин жыйынтыгы боюнча жыл сайын “Эң мыкты окмот айылы” жалпы республикалык конкурсун өткөрүү | 10 ноябрь | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин жеңүүчүлөрдү аныктоо жөнүндө буйругу кабыл алынды | МКЖӨБМА |
| **КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ ИШ-ЧАРАЛАРДЫН АЛКАГЫНДА** | | | | | |
| 42. | Практикада натыйжалуу колдонуун камсыз кылган “Кызыкчылыктардын кагылышуусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын өркүндөтүү | 2. “Кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун (“Кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы) иштеп чыгуу жана ЖКга киргизүү, ал мамлекеттик, муниципалдык жана башка кызмат орундарын ээлеген адамдардын ишинде кызыкчылыктардын кагылышын натыйжалуу башкаруунун таасирдүү механизмдерин, | 2025-жылдын I жарым жылдыгы | “Кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы кабыл алынды (“Кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы), ал практикада ийгиликтүү колдонулуп жатат | МКЖӨБМА, ЮМ, БП, АИК, ЖКИ, эксперттер (макулдашуу боюнча), ЖК |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | кызыкчылыктардын кагылышын башкаруу жөнүндө мыйзамдардын аткарылышын координациялоо жана мониторинг жүргүзүү үчүн жоопту бирдиктүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органды аныктоо менен мыйзамды бузгандыгы үчүн жоопкерчилик чараларын карайт | | | |
| 43. | | 3. Мыйзам алдындагы актыларды, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 7-августундагы № 362 "Кызыкчылыктардын кагылышы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу" токтомун жаңы кабыл алынган мыйзамга ылайык келтирүү | 2025-жылдын III кварталы | Мыйзам алдындагы актыларды мыйзамга ылайык келтирүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин токтому кабыл алынды | МКЖӨБМА |
| 44. | Жаңы кабыл алынган коррупцияга каршы мыйзам актыларын колдонууга байланыштуу мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдардын потенциалын жогорулатуу | Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБО кызматчылары үчүн коррупцияга каршы мыйзамдарды колдонуу боюнча окуу тренингдерин уюштуруу | 2026-жыл | Окуу системасынын программасынын негизинде мамлекеттик органдардын жана ЖӨБО кызматчылары үчүн коррупцияга каршы аракеттенүү жаатында жаңыдан кабыл алынган мыйзам актыларын колдонуу боюнча окуу тренингдери өткөрүлдү | МКЖӨБМА, КАЫМО, КРП караштуу МБА, ЮМ, ФМ |
| 45. | Коррупцияга каршы мыйзамдарды ишке ашыруунун натыйжалуулугун аныктоонун өлчөөчү куралы катары анын колдонулушуна мониторинг жүргүзүү | Стратегияны ишке ашыруу боюнча пландуу иш-чараларды актуалдаштыруунун экинчи этабында алардын натыйжалуулугун баалоо жана кийинки мониторинг мезгилинин ичинде оптималдаштыруу үчүн кабыл | 15-декабрь<br><br>2026-2027-жылдар | Кабыл алынган коррупцияга каршы мыйзам актыларын ишке ашыруунун натыйжалуулугуна жыл | КАЫМО, АИК, БП, МКЖӨБМА, ЮМ, ЖК, ЖКИ, эксперттер (макулдашуу боюнча) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | алынган Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын ишке ашырууга мониторинг жүргүзүү | | сайын мониторинг жүргүзүлүүдө | |
| 46. | Ченемдик укуктук актылардын жана алардын долбоорлорунун коррупцияга каршы экспертизасынын улуттук системасын түзүү | 4. Коррупцияга каршы экспертизаны түздөн-түз жүзөгө ашыруучу компетенттүү адамдардын потенциалын жогорулатуу боюнча окутууларды өткөрүүнүн методдорун (программаларын) иштеп чыгуу | 2025-2026-жылдар | Коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүү боюнча окуу тренингдерин системалык негизде өткөрүү үчүн методдор (программалар) бекитилди жана шарттар түзүлдү | КАЫМО, КРП караштуу МБА, ЮМ, БП, МКЖӨБМА, АИК, ЖКИ, эксперттер (макулдашуу боюнча) |
| 47. | Мамлекеттик башкаруу органдарынын жана ЖӨБО ишинде айкындуулук жана ачыктык принциптерин бекемдөө | 3. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчынын коррупцияга каршы жүрүм-турумунун бирдиктүү стандарттарын киргизүү | 2026-жылдын I квартaлы | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында коррупциянын алдын алууну камсыз кылуучу тыюу салуулардын, чектөөлөрдүн, милдеттердин жана уруксат берүүлөрдүн бирдиктүү системасын белгилеген мамлекеттик жарандык кызматчынын жана муниципалдык кызматчынын коррупцияга каршы жүрүм-турумунун типтүү стандарттарын кабыл алды | КАЫМО, МКЖӨБМА, АИК |
| 48. | Мамлекеттик башкаруу системасында коррупцияга каршы идеологияны, моралдык-этикалык, | 3. Кызматчылар тарабынан этиканын принциптерин жана ченемдерин сактоо, кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербөө жана | 10 декабря | 1. Жыл сайын кызматчылардын этикасы боюнча комиссиянын ишинин натыйжалуулугуна | КАЫМО, МКЖӨБМА, АИК, ЖКИ (макулдашуу боюнча) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | адеп-ахлактык жана баалуулук багыттарды калыптандыруу | мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат системасында Коррупцияны алдын алуу боюнча, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-ресурстар аркылуу мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар кызматтык милдеттерин аткарууда чынчылдык, калыстык, ак ниеттүүлүк, жоопкерчилик, кесипкөйлүк жана жогорку этикалык ченемдердин принциптерин популярдаштыруу жөнүндө маалыматтык-пропагандалык ишти туруктуу негизде жүргүзүү | (2025-2027 жылдар) | мониторинг жана талдоо жүргүзүлөт, анын иши жөнүндө отчеттуулуктун формасы иштелип чыккан жана бекитилген. | |
| 49. | | Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтына маалыматтарды жайгаштыруу аркылуу мамлекеттик органдардагы жана ЖӨБО этика комиссияларынын иши жөнүндө коомчулукка үзгүлтүксүз маалымдоо | Жыл ичинде (2025-2027 жылдар) | 2.Мониторингдин жыйынтыктары мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын расмий сайтына жайгаштырылат. | КАЫМО, МКЖӨБМА, АИК, ЖКИ (макулдашуу боюнча) |
| 50. | | Кызматчылар тарабынан этиканын принциптерин жана ченемдерин сактоо, кызыкчылыктардын кагылышуусуна жол бербөө жана мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат системасында Коррупцияны алдын алуу боюнча, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-ресурстар аркылуу мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылар | Жыл ичинде (2025-2027 жылдар) | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын коррупцияга каршы туруктуу жүрүм-турумун калыптандыруу, кызмат өтөөдө этиканын принциптерин жана ченемдерин сактоо жөнүндө, анын ичинде жалпыга маалымдоо | КАЫМО, МКЖӨБМА, АИК, ЖКИ (макулдашуу боюнча) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | кызматтык милдеттерин аткарууда чынчылдык, калыстык, ак ниеттүүлүк, жоопкерчилик, кесипкөйлүк жана жогорку этикалык ченемдердин принциптерин популярдаштыруу жөнүндө маалыматтык-пропагандалык ишти туруктуу негизде жүргүзүү | | каражаттары жана интернет-ресурстар аркылуу маалыматтык-пропагандалык ишти жүргүзүү боюнча атайын программалар иштелип чыкты жана ишке ашырылып жатат | |
| 51. | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын кесиптик компетенциясын жогорулатуу, коррупцияга каршы жүрүм-турумдун туруктуу принциптерин калыптандыруу | Кызыкчылыктардын кагылышуусун башкарууга, ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууда коррупциялык тобокелдиктерди аныктоого, коррупцияга каршы пландарды түзүүгө, этикалык ченемдерди сактоого, жүрүм-турумдун коррупцияга каршы моделин түзүүгө жана коррупциялык мотивацияны төмөндөтүүгө багытталган мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды коррупцияга каршы окутуу (квалификациясын жогорулатуу) системасын өнүктүрүү | 2025-2027-жылдар | Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан Коррупцияны алдын алуу жана жүрүм-турумдун этикалык ченемдерин сактоо жаатында мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды окутуунун типтүү программасы бекитилген.<br>Кызматчылардын 30%дан кем эмесин камтуу менен окутуу тренингдери туруктуу негизде өткөрүлөт | КАЫМО, МКЖӨБМА, ФМ, КРП караштуу |
| 52. | Жарандардын мамлекеттик бийлик органдары менен өз ара аракеттенүүсүндө коррупциялык көрүнүштөрдүн алдын алуу | Коррупцияга жол бербөө жана алдын алуу боюнча чараларды көрүү менен коррупциялык укук бузууларга байланыштуу мамлекеттик органдарга жана ЖӨБО келип түшкөн кайрылууларды (даттанууларды) кароо жана талдоо жүргүзүү | 2025-2027-жылдар | Ички укуктук актылар аркылуу Коррупцияны алдын алуу чараларын көрүү менен кайрылууларга талдоо жүргүзүүнүн тартиби жөнгө салынды, ал жыл сайын жүргүзүлөт | Министрликтер жана ведомстволор, БП, КАЫМО |
| 53. | Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдү, административдик жол-жоболорду санариптештирүү | Лицензияларды жана уруксаттарды берүүнү кошкондо, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүнү Электрондук кызмат | 2025-2026-жылдар | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтар калкка электрондук-санариптик форматта | Министрликтер жана ведомстволор, ЖӨБО, СӨМ |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | көрсөтүүлөрдүн мамлекеттик порталы аркылуу электрондук-санариптик форматка өткөрүүнү жана “Түндүк” ЭВӨС аркылуу мамлекеттик (муниципалдык) органдардын санариптик өз ара аракеттенүүсүн камсыздоо, административдик жол-жобону жүргүзүү процессинде санариптик технологияларды колдонуу, экономиканын бардык тармактарында АМСти ишке киргизүү, башка АМСтер менен интеграциялоо | | көрсөтүлүүдө, коррупциялык тобокелдиктер минималдаштырылды | |
| 54. | | ЖӨБОдо жерди пайдалануу боюнча иштин санариптик эсебин, ошондой эле айыл чарба багытындагы жерлердин санариптик реестрин түзүү | 2025-2026-жылдар | Жерди пайдалануунун натыйжалуулугун жана ачык-айкындуулугун олуттуу жогорулатууну камсыздоочу жерге жайгаштыруунун санариптик технологиялары ишке киргизилди | ЖРКГКМА, СПАЧКӨМ, СӨМ, МКЖӨБМА, ЖӨБО |
| 55. | Жарандардын маалыматка жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылуу | 2. Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБО расмий сайттарында алардын иши жөнүндө, Коррупцияны алдын алуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө маалыматтарды мезгил-мезгили менен жарыялоо, жарандардын маалыматка эркин жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылууга мүмкүндүк берүүчү программалык-маалыматтык камсыздоонун санариптик технологияларын киргизүү, ошондой эле мобилдик тиркемелерди өнүктүрүү. | 2025-2027-жылдар | Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБО расмий сайттарында алардын иши жөнүндө, “Коррупцияга каршы аракеттенүү” атайын бөлүгүн маалыматтык толтурууну актуалдаштыруу аркылуу Коррупцияны алдын алуу жаатындагы иштер жөнүндө маалыматтарды жарыялоо боюнча чаралар көрүлдү. | Министрликтер жана ведомстволор, ЖӨБО, СӨМ, КАЫМО |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБО басма сөз кызматтары аркылуу иш жөнүндө актуалдуу материалдарды чагылдыруу | | Мамлекеттик органдардын жана ЖӨБО иши жана кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндө заманбап программалык-маалыматтык камсыздоо жана мобилдик тиркемелер ишке киргизилип, маалыматка жетүү мүмкүндүгү камсыз кылынды | |
| 56. | Жарандык сектордун коррупцияга каршы саясатты иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуусу | Жарандык коомдун төмөнкүлөрдү камтыган коррупцияга каршы иш-чараларга кеңири жана ачык катышуусун камсыз кылуучу механизмдерди иштеп чыгуу:<br>- коррупцияга каршы саясаттын стратегиясын, Коррупцияны алдын алуу жаатындагы мамлекеттик программаларды, пландарды жана башка маанилүү документтерди иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуу;<br>- ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгууга катышуу;<br>- коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндө изилдөөлөрдү, талдоо жана баалоо жүргүзүү, альтернативдүү отчетторду жана серептерди даярдоо;<br>- коррупциялык укук бузууларды табууга, алдын алууга жана бөгөт коюуга көмөктөшүү;<br>- коомдук иликтөө; | 2025-2027-жылдар | Жарандык коомдун коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүнө катышуусунун ар кандай формалары түзүлдү.<br>Коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндө мамлекеттин жарандар жана жарандык коомдун институттары менен өз ара аракеттенүү механизми укуктук аң-сезимдин деңгээлин, коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу жана аны иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышуу жөнүндө коомдун маалымдуулугун жогорулатуу, жарандардын мамлекеттик бийлик органдарына болгон ишенимин жана алардын | АИК, КАЫМО, МКЖӨБМА, ЖКИ, эксперттер, бизнес-коомдоштук (макулдашуу боюнча |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | - ченемдик укуктук актыларга жана алардын долбоорлоруна көз карандысыз коррупцияга каршы экспертиза;<br>- коомчулуктун маалымдуулугун жогорулатуу, коррупцияга каршы аракеттенүү маселелеринде маалыматтык-билим берүү иши, калкка укуктук жардам көрсөтүү;<br>- коррупцияга каршы маданиятты калыптандырууга катышуу;<br>- коррупцияга каршы саясатты популяризациялоо;<br>- жарандардын коррупцияга каршы потенциалын жогорулатуу боюнча билим берүү программаларын жана долбоорлорун өркүндөтүү;<br>- коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча илимий-практикалык конференцияларды, тегерек столдорду жана башка иш-чараларды уюштуруу;<br>- жарандык демилгелерди натыйжалуу кароо боюнча кайтарым байланыш жол-жоболорун бийлик органдарына киргизүү | | ишинин ачыктыгын жогорулатуу, коррупцияга каршы маданиятты калыптандыруу, коррупцияга каршы аракеттенүү маселелери боюнча ар кандай изилдөөлөрдү, экспертизаларды жана башка иш-чараларды өткөрүү менен мүнөздөлөт | |
| 57. | Коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндө жарандардын активдүү катышуусуна багытталган мамлекеттик органдардын жана ЖӨБО коомчулук менен өз ара аракеттенүүсүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу | 3. Коррупцияга каршы саясат чөйрөсүндө ченемдик укуктук актылардын, мамлекеттик стратегиялык документтердин долбоорлорун иштеп чыгууга жана аларды ишке ашырууга мониторинг жүргүзүүгө жарандык коомдун катышуусун камсыз кылуу | 2025-2027-жылдар | Пландаштырылган жана ишке ашырылып жаткан коррупцияга каршы чараларды талкуулоо боюнча жарандык коомдун активдүү катышуусу камсыз кылынды | КАЫМО, АИК, МКЖӨБМА, ЖКИ (макулдашуу боюнча) |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 58. | Коррупцияга каршы маданиятты өнүктүрүү, коомдо коррупцияга сабырсыздык мамилени чагылдырган баалуулуктар системасын сактоо жана бекемдөө | Коррупцияга каршы саясат чөйрөсүндө ченемдик укуктук актылардын, мамлекеттик стратегиялык документтердин долбоорлорун иштеп чыгууга жана аларды ишке ашырууга мониторинг жүргүзүүгө жарандык коомдун катышуусун камсыз кылуу | 2025-2027 жылдар | Пландаштырылган жана ишке ашырылып жаткан коррупцияга каршы чараларды талкуулоо боюнча жарандык коомдун активдүү катышуусу камсыз кылынды | КАЫМО, АИК, МКЖӨБМА, ЖКИ (макулдашуу боюнча) |
| 59. | п.3 Санариптик компетенттүүлүктү тестирлөө жана сертификациялоону киргизүү (“Кыргызтест” аналогиясына окшоштуруп) | Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер үчүн санариптик сабаттуулукту жана санариптик көндүмдөрдү баалоо методологиясын иштеп чыгуу | 2026 жыл | Тиешелүү ченемдик/ченемдик эмес укуктук акт кабыл алынды. “Санарип платформасы иштелип чыкты”. | МКЖӨБМА |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 60. | | 4) мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө мыйзамдарга мамлекеттик жарандык кызматчылардын жана муниципалдык кызматчылардын санариптик сабаттуулугун милдеттүү түрдө жогорулатуу жана квалификациясын жогорулатуунун мезгилдүүлүгүн белгилөө талаптарын киргизүү | 2026 жыл | Тиешелүү ченемдик/ченемдик эмес укуктук акт кабыл алынды. “Санарип платформасы иштелип чыкты”. | МКЖӨБМА |